Сүйүүсүз кантип жашасын..?

С: Назгүл Каныбекованыкы
О: Догдурбек Акималиевдики

Махабат дайра өмүрдүн түзгөн башатын,
Күргүштөп кирип толкуйсуң кээде ташасың.
Көр оокат, байлык алкымдан ашып турса да,
А койчу кантип сүйүүсүз адам жашасын..

Сүйүүсүз кантип? таң атып, кайра кеч кимек.
Сүйүүсүз элде тузу жок супсак кеп жүрмөк.
Сагынуу, күтүү, сезимдин баары жалпы өчүп,
Сүйүүсүз анда кечээкиң бүгүн эскирмек.

Керемет сезим, таарынтып кайра сагынтаар.
Сүйүү деп сыздап, жазышкан далай акындар.
Азабын тартып, арзуунун ушул өмүрдө,
Бирөөнү сүйүп, сүйдүрүш үчүн акым бар.
———————————————————————-
Алайкуум
С: Сыдыкбек Апиш уулунуку
О: Догдурбек Акималиевдики

Кере-кере дем алып абасынан,
Кымыз бышып кыз-келин сабаасынан.
-Женишбектин кайрыгы жанырганcыйт,
Алайкуунун тоолорунун арасынан.

Көзүм тойбойт көргөндө көркөмүнө,
Көмөлөнүп жатсам да көктөмүнө.
Көңүл чөгөт ээн калган тамды көрүп,
Көп жарыктын бириндеп өчкөнүнө.

Бакыт издеп канчасы алыс кетти,
Тар дайрага кошулуп агып кетти.
Чамасы жок, чаркы жок жалгыз гана,
Чал-кемпири бириндеп калып кетти.

Арабасын аргасыз тартып барат,
Ар санааны мойнуна артып барат.
Капаланып Алайкуум түнөрбөгүн,
Качандыр бир балдарың кайтып барат.